# Киришүү

№7 Кожобек Куземseason атындагы жалпы билим берүү орто мектеби шаардын Курулуш кичи районунун  Студен көч.,2-үй  жайгашкан.Мектеп типтүү,үч кабаттан  турат. 1982-жылы пайдаланууга берилген.Жалпы аянты 29065,85м.кв. Жылытуу  системасы электр ТАНСУ жылытуу системасына уланган . Проект боюнча 1176 окуучуга ылайыкташкан. Иш жүзүндө 1010 окуучу, 34 класс комплекти бекитилген. Мектепте 44 мугалим эмгектенет. Окутуу  кыргыз  тилинде, эки нөөмөттө  жүргүзүлөт.

Директордун аты-жөнү:   Токтосунова Сабирбүбү Маметовна    0773739231   sabirbubu@mail.ru

Окуу бөлүмүнүн  башчысы:   Сооромбаева Нургуль Мусакуловна   0770472254    nsoorombaeva@mail.com

Класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу:   Чонорова Бааргул Акимбаевна      0773309293       sadyrova.baargul@bk.ru

Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө  юридикалык  жакты  мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүгү:

**06.10.2019-жылы берилген,**

**сериясы ГПЮ №0037087,**

**ИНН 01203199610609**.

Программа боюнча аккредитациядан өткөндүгү тууралуу сертификат**.  2020-жылдын 2-май берилген,каттоо номери 2020/0026**

«Бекитилди»

«___» _______2022-жыл

№_______ буйругу менен

# Өзүн-өзү баалоо  боюнча отчет

№7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

Институционалдык   жана программалык аккредитациялоо

**Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоо базасы**

| | Өзүн-өзү баалоонункрите рийлери | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин өзүн-өзү баалоосу | Тастыкт ама базасы |
|---|---|---|---|
| **1.БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| **1.1** | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби КРнын мыйзамдарынын талабына жооп берген өзүнүн ишмердүүлүгүн аткарган мамлекеттик уюм.<br>№7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ,Билим берүү жана илим министрлигинин ,Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүнүн буйруктарын жана тескемелерин ,мектептин Уставын негизге алуу менен жүргүзөт. Мектептин Уставында көрсөтүлгөндөй укуктук статустарды,мектептин ишмердүлүгүнүн максаттарын, принциптерин, окутуу процессинин катышуучуларынын укуктарын жана милдеттерин, мектепти башкаруу структурасын, мектептин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнү өз ичине камтыйт.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.<br>№7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлдү.2021-2022-окуу жылына карата 34 класс- комплект бар,анда1010 окуучу, ал эми “0”- класста (1кл.комплект) 27окуучу окуйт.Мектеп төмөнкү тартипте иштейт:Бардык баскычтар үчүн 5 күндүк окуу аптасы.Окуу жүктөмү :<br>1-баскычта: 1-кл.-20саат, 2-кл.-22саат, 3-кл.-24 саат,4-кл25саат<br>2-баскычта: 5-кл.-28+1саат мектеп комп. 6-кл.-30саат, 7-кл.-30саат, 8-кл.-29+1саат мектеп комп, 9-кл.-30саат.3-баскычта: 10-кл.-29саат, 11-кл.-30саат.Окуу жылы 15-сентябрда башталып, 09-июнда аяктайт. Окуу жылынын узактыгы 1- класстар үчүн -33жума, 2-4-кл. үчүн-34жума, 5-11-кл.үчүн-34-36 жума экзамендерди эске алганда. Каникулдардын узактыгы жыл бою 30 календарлык күн.Каникулдардын графиги Базистик окуу планынын түшүндүрмө катынын кегизинде коюлат, 1-3-кл.үчүн 3-чейректе кошумча каникул берилет.Мектеп 2 кезметте иштейт .**1-кезметте**: сабактар 8:30 да башталып 13:30да бүтөт 30 класс-комплект+»0»кл. 911 окуучу; 0-кл; 1-а,б,в,г; 2-б,в; 3-в,г; 4-а,в;5-а,б,в; 6-а,б,в,г; 7-а,б,в; 8-а,б,в; 9- | 1.Мектептин уставы.<br>2.Базистик окуу планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | а,б,в; 10-а,б; 11-а,б;**2-кезмете**: сабактар12:45те башталып 16:50дө бүтөт 2-а; 3-а,б;4-б,126 окуучу билим алышат;Сабактар базистик окуу планынын жалпы билим берүү класстарына ылайык түзүлгөн сабактардын жүгүртмөсүнүн негизинде жүргүзүлөт.2-11-кл. сабактардын узактыгы – 45 мүнөт.<br>1-класста – 40мүнөт. Башталгыч класстар ысык тамак ичкендигине байланыштуу эки чоң танапис 10 мүнөттөн, 2-3- саат аралыгында. Окуучулар үчүн жумушчу жыйын дүйшөмбү күнү 8:00-8:25чейин;Административдик кеңешме 8:30-9:10 чейин<br>Мугалимдер кеңешмеси 10:55-11:05 чейин<br>Мектептин ишмердүүлүгү жылдык циклдын төмөндөгүдөй этаптарынын негизинде жүргүзүлдү:<br>1.Мектептин миссиясы аныкталды;<br>2.Мектеп өзүн-өзү баалады;<br>3.Көйгөйлөр аныкталды,анализделинди ;<br>4.Максаттар жана тапшырмалар коюлду;<br>5.План түзүлдү;<br>6.Тапшырмалардын аткарылышына мониторинг жүргүзүлдү;<br>7.Жетишкен натыйжалар бааланды. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2. | Окуу-методикалык билим-берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | 2021-жылдын -----Педагогикалык кеңешмеде бекитилген мектептин өнүгүү планында (стратегиялык план 2020-2025-о.ж.) жана учурдагы окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планында мектептин миссиясы жана максаттары чагылдырылган.<br>Актуалдуу маселелерди жана максаттарды коюу үчүн мектептин ишмердүүлүгү каралып чыгып, күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, анализ жүргүзүлдү.<br>**Мектеп миссиясы**: Билим берүүнүн жаңы технологияларын пайдалануунун натыйжасында окуучулардын жогорку билим алуусуна жетишүү. Ата-энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо жөндөмдүү, адептүү, жоопкерчиликтүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.<br>**Максаттар**:<br>**1**.Окуу тарбия ишинде окутуунун жаңы технологияларын пайдаланып,билим сапатын 2% ке жогорулатуу;<br><br>***Күтүлүүчү натыйжалар:***<br>1.Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен окучуулардын билим сапаты жогорулайт.<br>2.ЖРТга даярдалат, тил үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. ЖРТга даярдоодо атайын кошумча сабактарды уюштуруунуннатыйжасында орточо балл жогорулайт .<br>3.Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгы артат,билимин өркүндөтүү курстарына(оффлайн жана онлайн), семинар,тренингдерге жөнөтүлөт.<br>4.Окуучуларды адептүүлүккө ыймандуулукка тарбиялоо жүргүзүлөт, окуучулар арасында кылмыштуулук азаят.<br>**2**.Ата-энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо адептүү, жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, жоопкерчиликтүү, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо. | Мектептин стратегиялык планы (ШБББ менен макулдашылып пед кеңеште бекитилген) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3.Долбоорлорго катышуу жана демөөрчүлүк салым аркылуу мектептин материалдык базасы чыңдалат.2020-2021- окуу жылында мектептин 1-4-класстарына ылайыкталган БУУнунБДАТП боюнча замамбап ашкана ишке киргизилди.<br><br>ЖОЖдор менен келишимдин негизинде профилдик багыттагы предметтерди окутууга жетишет УТБ, Секом, Нова борборлору менен окуучулар өз билимдерине сыноо жүргүзүштү. Мисалы: 2021-2022-окуу жылында УТБ 56 окуучу, Нова 235 окуучу, (4-9-класс) Секом-28 окуучу.<br><br>4.Окуучулардын шаардык деңгээлде өткөрүлгөн сынактарга,спорттук секцияларга катышат.<br>Дене тарбия сабагына жана ийримдерге балдарды кызыктыруу максатында волейбол боюнча кыздар-балдар тобу 2021-жылдын отябрь айында КРнын ББжана Илим министрлиги тарабынан уюштурулган “Мектеп лига” сынагына катышып спорттук инвентарларга ээ болдук (жалпы сумма 68миң сом)<br><br>Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашыруу педагогдордун чыгармачылыгын өстүрүү, билим сапатын жакшыртуу, окуу материалдык мун чыңдоо максатында семинарларды өткөрүү,мастер кластар, менторлук мектеп аркылуу тажрыйбаалмашуу жолдору менен мугалимдердин жана окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга багытталган.<br>Мектептин китепканачысы Турусбекова Г.тарабынан окуучулардын билимин жогорулатуу жана логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү кеңейтүү максатында жылдык иш планы, окуучуларды китепканага кабыл алуу жадыбалы түзүлгөн:<br>**Дүйшөмбү**:1-4-класстар<br>**Шейшемби**: 5-6-класстар<br>**Шаршемби:** 7-8-класстар<br>**Бейшемби:** Методикалык күн<br>**Жума:** 9-10-11-класстар<br><br> | |

<table>
<tr>
<td>1.3</td>
<td>Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде<br>окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду)</td>
<td>Мектептин китепканачысы Г. Турусбекова , 25 жылдан бери эмгектенет.<br>Мектептин китепканасынын 2 бөлмөсү, окуу залы жана көркөм адабияттарды сактоочу жайы, китепкананын окуу китептерин сактоочу 3 бөлмө архиви бар.Адабий китептер сакталуучу канаанын аянты-16м$^2$ Окуу залынын аянты-32м$^2$ Архивдин жалпы аянты-36м$^2$<br>Бир учурда 30 окуучуну кабыл алганга толук мүмкүнчүлүгү бар.
<table>
<tr><th>№</th><th>Жалпы китеп фондунун бөлүмдөрү</th><th>Жалпы саны.</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Окуу китептери</td><td>9970</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Усулдук колдонмо</td><td>2270</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Көркөм адабияттар(“Кыргызстан-Сорос”,“ЮСАИД”)</td><td>3777</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Дүйнөлүк балдар адабияты</td><td>52</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Жалпы китеп фонду</td><td>16069</td></tr>
</table>
КРнын ББ жана ИМги тарабынан мектептин китепкаанасына 1 комплект компьютер менен камсыз кылынып,интернет булагына уланган.<br>Китепканада ар бир предметтер боюнча окуу-методикалык колдонмолор,таблицалар, тест жыйнактары ж.б. бар.<br>2018-2019-жылынан бери 5-6-класстарына жаңы окуу китептери пайдаланууга берилди.<br>2021-2022-окуу жылында 5-класстарга 8 предметтик жаңы окуу китеби, 6-класстарга 8 жаңы предметтик китептер таркатылды,7-9-кл.информатика китеби ижарага берилди</td>
<td>Мектепти өнүктүрүү планы</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоону колдонуудагы механизмдин болушу. | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин билим берүү сапатынын мониторинги боюнча мектеп мүдүрүнүн буйругу чыгарылып, мектеп ичиндеги пландардын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлөт.<br>( диаграммалар, отчёттор, графиктер ж.б.)<br>Стратегиялык жана күнүмдүк иш мерчемдеринде,ошондой эле мектептин ишти аткаруу материалдарында окуучуларга ата-энелерге мамлекеттик кызматтар боюнча жыл сайын социалдык сурамжылоо жүргүзүү тууралу маселелер көтөрүлүп турат. Мектеп ишинин жыйынтыгы боюнча өзгөрүүлөрдүн динамикасын көзөмөлдөөгө жана окуучулардын сабак жүктөмдөрүнө мониторинг жүргүзүлөт. Ар бир жарым жылдыкта күнүмдүк жана текшерүү иштерин салыштыруу аркылуу окуучуларга баа коюунун объективдүүлүгү талданат жана пед кеңештин отурумунда каралып, окуучулардын сабактардан жетишүүсүн жана билим сапатын жогорулатуу боюнча чечимдер кабыл алынат.<br>Мектепте социалдык долбоорлорду ишке ашыруу жана инновациялык технологияларды колдонуу максатында ата-энелер, окуучулар, мугалимдер менен иш жүргүзүлүп турат, мектепти бүтүп кеткен мурунку жылдардын бүтүрүүчүлөрү менен тыгыз байланыш бар.<br>Мисалы: 20 жылдык бүтүрүүчүлөр:<br>2017-2018-окуу жылында “Акылдуу доска” комплекти менен (70миң сомдук)<br>2018-2019-окуу жылында “Акылдуу доска” комплекти менен(70миң сомдук)<br>2020-2021-окуу жылында бир комплект компьютер(35миң сомдук)<br>10 жылдык бүтүрүүчүлөр мектептин спорт аянтчасына электр мамыларын жана отургучтарды орнотушкан. (20 миң сомдук) | Өткөн жылдын пландарынын аткарылышы боюнчаотчёт жана анализ. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Күчтүү жактары | • Мектепте тажрыйбалуу,компетентүү мугалимдердин болушу;<br>• Мектептин жетишкендиктеринин арбын болушу;<br>• Окуучулардын шаардык,облустук олимпиадалардагы ийгиликтери жана даярдаган мугалимдердин тажрыйбасы;<br>• Окуу процессине кызыкдар болгон ата-энелердин көбөйүшү;<br>• Окуучуладын 89 % окуу китептери менен камсыз болушу;<br>• Окуу-тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү;<br>• Ата-энелердин мектеп менен байланышы | |
| | **Алсыз жактары** | • Башталгыч класстарында адабий окуу китептеринин аздыгы<br>• Мугалимдер үчүн методикалык китепчелердин аздыгы | |

| КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлдү .<br>Ар жыл сайын мектептин окуу-тарбия процессинде алдыга жүргүзүүдө жана ички көзөмөлүн жүргүзүүдө усулдук бирикмелердин ролу абдан чоң.Усулдук Бирикмелердин жетекчилери тарабынан иш пландар түзүлүп, окуу бөлүмүнүн башчылары Сооромбаева Н.М. жана Жусупбекова С.тарабынан көзөмөлдөнүп турат.Предметтик декадалардын өтүлүү графиги, усулдук кенешинин иш планы, усулдук кеңешинин негизги милдеттери жана усулкананын талапка ылайык жасалгаланышы иштелип чыккан.Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын негизинде ишмердүүлүктүн негизги багыттары аныкталган.<br>• Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо;<br>• Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү;<br>• Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун тереңдетүү менен,окуучуларды келечекке татыктуу инсан кылып тарбиялоо;<br>• Технологиялык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу. | Окуу планынын көчүрмөсү<br>Базистик окуу планынын негизинде бекитилген. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин билим берүү программаларынын максаты жана мазмуну Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын жана ата-энелерди талаптарына ылайык иш жүргүзөт. Окуу жараяны окуу планынын жана сабактардын жүгүртмөсү аркылуу жүргүзүлөт.Сабактардын жадыбалы окуучулардын жаш курагын эске алуу менен түзүлөт . Ошондой эле тарификациянын негизинде ар бир мугалимге бөлүнгөн жүктөмгө жараша сабакка даярдануунун жана тарбиялык сааттардын жадыбалдары түзүлөт.<br>Мындан сырткары кошумча сабактардын, олимпиадага даярдануунун, мектептик ийримдердин жадыбалдары түзүлөт. (Жадыбалдардын көчүрмөлөрү тиркелет).<br>Спорт секциялары(волейбол,баскетбол,теннис)-14 % (5-11-класс)<br>Көркөм өнөр,кол өнөрчүлүк-13,4%(5-11-класс),10,2%(1-4-класс)<br>Музыка жана бий ийрими (кыргызча улуттук программаны кошуу менен)- 13,9%(5-11-кл)<br>Мектеп компоненти кыргыз тили-37 % ( 5-А,Б,В-кл, 8-А,Б,В-кл) Окутуу базистик окуу планынын негизинде жүргүзүлөт<br>Нормативдик жана окуу-методикалык иш кагаздары менен иш жүргүзүлөт: мамлекеттик билим берүү стандарты; окуу планы, окуу программалары, тематикалык план. Мектептин ишинде окуу жана окуу-методикалык адабияттар колдонулат (инструкциялык карталар, сөздүктөр,таблицалар ж.б.), окуу-көргөзмө куралдары. Мектептин ишинде традициялык жана инновациялык технологиялар колдонулган сабактар өтүлөт: лекциялар, семинарлар, оюндар, конференциялар, тегерек стол, семинар- тренингдер ж.б. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окутуу жана тарбиялоо процессинде 1-4-класстар арасында USAID “Окуу керемет” долбоорлору коомчулук менен инновациялык технологияларды пайдалануу аркылуу иш жүргүздү.Бул проект,программалар менен иш алып баруу,чыгармачыл окуучуларды аныктоо,окууга болгон кызыгуусун арттырууга,жыйынтыгында билим сапатынын жогорулашына түздөн түз жакшы таасирин тийгизээрин практика көрсөттү.<br>“Окуу керемет”долбоору боюнча мугалимдер өз билимдерин өркүндөтүп, сабак өтүүдө стратегияларды пайдаланып,BaalooApp, SabakApp аркылуу окуучулардын электрондук билим сапатын текшерип анализдеп турушат.<br>Мугалимдер мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын талабынажооп берген календарлык пландарды, күндөлүк пландарды түзүшөт.<br>Китепкана фондунун анализинин жыйынтыгында мамлекеттик стандартка жооп берген китептер жетиштүү. | |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым механизминин болушу | Окутуу жана тарбиялоо процессинде ата-энелерден сурамжылоо,анкета жүргүзүү ж.б. кайтарым байланыш алуунун процесси уюштурулган жана талданган. Ар бир ата-эне менен байланыш түзүлүп,өздүк телефондорунан балдардын алган бааларын жана берилген тапшырмалар боюнча маалымат алышып турушат.Ар бир класс жетекчи окуучулардын ата-энелери менен группа ачып, системалуу түрдө тыгыз байланышта болушат. Педагогдордун ишинин ыкмаларын жана технологияларын корректировкалоо максатында окутуунун натыйжаларын жана сабактарды талдоо,өзүн-өзү талдоо иши туруктуу жүргүзүлөт.Акыркы беш жыл ичинде өзүн-өзү баалоо максатында мектеп тарабынан билим берүүнү ишке ашырууда,көзөмөлдөөдө ата-энелердин, окуучулардын б.а.кызыкдар<br>тараптардын арасында ”Сизди мектептин иши канааттандырабы?” деген темада 6 жолу социалдык сурамжылоо жүргүзүлгөн.Ата-энелердин :“Эң мыкты”- 30% “Жакшы”-33% “Канааттандырарлык”-32%“Канааттандырарлык эмес-3% Жооп берүүдөн карманышкан-2%<br>Сурамжылоонун жыйынтыгында ата-энелердин 95% мектептин | Анкеталар,өз ара сабакка катышуудагы баалоонун анализдери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалимдерине ак пейилдүү мамиле кылаары аныкталды . | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.4. | Билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык айкын системанын болушу | Билим берүү сапатына мониторинг жүргүзүлөт:<br>1. Окуучулардын сабактарга жетишүү мониторинги:<br>2019-2020–окуу жылы ;2-4-кл. билим сапаты 64%,5-9-кл. 51%,10-11-кл.47%<br>2020-2021-окуу жылы: 2-4-кл билим сапаты 62% ; 5-9-кл. 50%;10-11-кл 45%;<br>2021-2022-окуу жылы 2-4-кл билим сапаты 64% ; 5-9-кл. 49%;10-11-кл 47%;(2-чейрек )<br>2.Мамлекеттик стандарттын талаптарынын деңгээлин ишке ашыруу боюнча педагогикалык кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнө мониторинг; 2019-2020-окуу жылы Автордук семинар Лукина В.А.”Мировое духовное наследие” ; “Мой А.С.Пушкин ” шаардык семинар; «Улуу жеңишке 75 жыл» Евросоюзунун көркөм окуу сынагына Нурманбек к. М.,Замирбек к. А. катышып грамота менен сыйланды;<br>**2020-2021-окуу жылы:“Адамга эң кыйыны –күн сайын адам болуу”деген темада шаардык семинар;**<br>**2021-2022-окуу жылында башталгыч класстардын мугалимдери “Окуу керемет” долбоорунун негизинде стратегияларды ишке ашыруу боюнча сабак өтүү шаардык семинар;**<br>Методикалык жардам көрсөтүүдө “Устат-шакирт”,”Жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу”,”Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүдөгү тажрыйба алмашуу” мектептик семинарлар; Жаш мугалимдерге насаатчылардан Ч.Айтматов “Аалам жылдызы” шаардык илимий конференция<br>3.Мектептин ишмердүүлүк мониторинги;<br>**Мектептин эмгек жамааты жыл сайын шаардык иш чараларга үзгүлтүксүз катышып келет жана байгелүү орундарга жетишет**. **Мисалы: 2018-2019-о.ж. ”Жылдын мыкты мугалими” баш байге Сейитбекова Э, ”Жылдын мыкты мектеби” 2-орун, Математикалык олимпиада “Кенгуру-2019” 1-орун Жымгырчыева З.2019-2020-о.ж.“Жаш таланттар” 1-орун, ”Жылдын мыкты мектеби” 3-орун,“Жаңы окуу жылына карата даярдык көрүү боюнча” ардак грамота; Жылдын мыкты мугалими-2021” Бекназарова Д.(биология “Педагогикалык мыкты чеберчилик” номинациясынын ээси, “Жылдын мыкты мугалими-2022” шаардык сынагында 1-орунду ээлеп, областык турга жолдомо алды** | Анкета тиркелет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **«Санарип педогогика-2020»** сынагына кыргыз тили жаадабият мугалими Тажымаматова А.Т. шаардык турга катышты; 2020-2021-о.ж“Кылмыштуулукту алдына алуу”боюнча укуктук Олимпиада 2-орун ”**Жылдын мыкты мектеби”2-орун**,“Аймактарды өнүктүрүү,өлкөнү санариптештирүү жана балдарды коргоо жылына” карата кошкон салымы үчүн ыразычылык кат, “Книг знакомые страницы” КРСУнун тарабынан уюштурулган конкурсуна Сейитова С. катышып грамота менен сыйланып,”Слово Кыргызстана” газетасына макаласы жарыяланган.<br>2021-2022-о.ж. Улуттук олимпиада боюнча: Физика III-турга өттү УчкунбековаА.10-а кл.(Муг. Токтосунова С.М.)<br>Математика III-турга өттү Маратов И. 6-г кл. (муг. Кошалиева Б.)<br>“Кылмыштуулукту алдын алууда волейбол боюнча” мелдеште 2-орун. Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен жыл сайы мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы, көчүрүү экзамендери, ЖРТ нүн, УТБнун, Секомдун, Нова борборлорунун сынактары өткөрүлүп турат Мектепте билим сапатын жогорулатуу үчүн жүргүзүлгөн мониторинг аркылуу мектептин ички көзөмөлдөөсүнүн жыйынтыгы так даана көрүнөт. Аткарылгын иштин анализи усулдук бирикмелердин кеңешмесинде, мүдүр алдындагы кеңешмеде каралат. Жыйынтыктар предметтик мугалимдерге, окуучулардын класстык чогулуштарында жана ата-энелер жыйындарында угузулуп турат. 2021-2022- окуу жылынын башында мектеп администрациясы тарабынан төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча мугалимдер арасында “Менин окуучум келечекте.” деген темада анкета жүргүзүлдү. Анкетага жооп берүүнүн жыйынтыгы мугалимдерарасында атайын семинар уюштурулуп, ой-пикирлер, сунуштар талкууланды.<br>15 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Окуучулардын ден-соолугу ҮДТ медициналык кызматкерлери, атайын бөлүнгөн медайым тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Ар жылсайын окуу жылынын башталышында жалпы окуучулар медициналык кароодон өтүшөт.<br>• Мектеп санитардык-гигиеналык талапка ылайык иш жүргүзөт.<br>• Мектептин айлана-чөйрөсү бак-дарактар менен курчалган, алдыңкы аянтчасында роза, сирень жана түрдүү түстөгү гүлдөр өстүрүлгөн,арча, туя мектепке көрк берип турат.Мектептин айлана-чөйрөсүн жашылдандыруу тынымсыз жүргүзүлүп турат.<br>• Мектептин аянтчасында иче турган суу чыгып турат. Даараткана бар.<br>• Мектептин ичи толугу менен жарыктандырылган, санитардыкгигиеналык ченемге жооп берет.<br>• Мектептин жылытуу системасы-электр ТАНСУ.<br>• Спорт зал көмүр менен жылытылат. 2016-2017-окуу жылында Республикалык бюджеттин эсебинен (14 млн. сом) спорт зал, мугалим,кыздар, балдар үчүн кийинип-чечинүүчү канаалар, жуунучу канаасы, ажат канасы менен замандын талабына ылайык курулган. Спорт залдын жалпы аянты-288м$^2$<br>• Мектепте ашкана бар, перспективалык меню түзүлгөн, азык- түлүктөр таза жерде сакталат. Ысык тамак 1-4-класстар үчүн уюштурулган. Быйылкы окуу жылында 432 окуучуга шашке тамак берилет. 2020-2021-окуу жылында БУУнун БДАТП тарабынан заманбап жабдуулар менен ашкана ишке берилди.<br>• Мектеп интернет булагына туташтырылган, окуучулар жана мугалимдер компьютерди кеңири колдоно алышат.<br>• КРнын ББ жана ИМги тарабынан мектептин китепкаанасына 1 комплект компьютер менен камсыз кылынды. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Мектепте техникалык жана өрт коопсуздугу сакталып, бардык талаптар аткарылат. Мугалимдер, кенже кызматкелер жана окуучулар үчүн техникалык коопсуздук эрежелери эмгекти коргообоюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп кол койдурулган, техникалык жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж дептериуюштурулуп,лекциялар окулуп турат. Жылына 4 жолу эвакуациялык машыгуулар өтүлүп туратМектепте 25 огнетущитель, 2 өрт өчүрүүчү щит бар. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча иш пландар түзүлү, инструктаж журналы бар. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.5 | Окуучуларды баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол жоболору жана жыйынтыктары,ошондой эле аларды кайра кароонун жол жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | № 41/2 19.09.19-ж. "Билим берүүнүн сапатын мониторингдөө үчүн жооптууларды дайындоо боюнча буйруктун" негизинде төмөнкүлөр дайындалды.<br>• Дидактикалык мониторинг үчүн (ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басарыСооромбаева Н.М., Жусупбекова С.)<br>1. Ай сайын ар бир класстын билим сапаты: текшерүү иш, тесттик иш,окуу техникасы, ой жүгүртүүсүн текшерүү, практикалык иштер, лабораториялык иштердин жүргүзүлүшү аркылуу текшерилет, мониторинг жүргүзүлөт.<br>2. Керектүү окуу-методикалык иш кагаздарды иштеп чыгат.<br>3. Мугалимдер тарабынан өтүлгөн сабактарга катышат,окуу кабинеттеринин жабдылышын, көрсөтмө куралдардын талапка жооп беришин көзөмөлдөйт жана методикалык жардам көрсөтөт, багыт берет.<br>4.Усулдук кеңештин негизги милдеттерин кабыл алып, усулкананын мезгил талабына ылайык жабдылышына көңүл бөлөт.<br>Тарбия мониторинги үчүн (тарбия завучу Чонорова Б.) тарбия проссеси мектеп ичинде көзөмөлгө алынган | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • 1.Окуучулардын сабакка катышуусун, жетишүүсүн, укук бузууларды, мектеп ичинде көзөмөлгө алынган окуучуларды, ИДН дин каттоосуна алынган окуучуларды, шаардык, областтык конкурстарга, долбоорлрого катышуусун анализдейт.<br>2.Класс жетекчилердин семинарын уюштурат , тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөйт жана багыт берет.Тарбиялык журналдардын толтурулушуна козөмөл жүргүзөт.<br>3.Класстан тышкаркы иш-чараларды (конкурс, КВН, диспут, чогулуштар,семинар, тренинг, сурамжылоо анкеталарын, тегерек стол, жолугушууларды ж.б.) өткөрөт.<br>4.Мектеп парламенти, ата-энелер жана класс жетекчилер менен уюшкандыкта иш алып барат.<br>• Психологиялык-педагогикалык мониторинг үчүн (социалдык педагог Бусурманкулова Ж.<br>Үй-бүлөлөр боюнча маалымат чогултат, социалдык суроо-жооп жана диагностика жүргүзөт;<br>Коомдук уюмдарга жана мамлекеттик мекемелерге соцпедагогдун расмий ишмердүүлү менен байланышкан расмий суроолорду жөнөтөт; үй-бүлөлүк тарбия тажрыйбасы жөнүндө иш алып барат:<br>Жашоо шартын жана санитардык абалын аныктоо үчүн үйлөрүнө барат жана кошуналарынан сурайт | |
| 2.6 | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | 2021-2022- окуу жылынын башында мектеп администрациясы тарабынан төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча мугалимдер арасында “Менин окуучум келечекте.” деген темада анкета жүргүзүлдү. Анкетага жооп берүүнүн жыйынтыгы мугалимдер арасында атайын семинар уюштурулуп, ой-пикирлер, сунуштар талкууланды.-Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун ишке ашыруунун уюштурулушу жана окуучулардын ден-соолугунун корголушу боюнча ҮДТ медициналык кызматкерлери, атайын бөлүнгөн медайым тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Ар жыл сайын окуу жылынын башталышында жалпы окуучулар | 1.Коопсуздук эрежелери;<br>2.Техникалык эрежелер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | медициналык кароодон  өтүшөт.<br>Мектеп санитардык-гигиеналык талапка ылайык иш жүргүзөт.Мектептин айлана-чөйрөсү бак-дарактар менен курчалган,алдыңкы аянтчасында роза, сирень жана түрдүү түстөгү гүлдөр өстүрүлгөн,арча, туя мектепке көрк берип турат.Мектептин айлана –чөйрөсүн жашылдандыруу тынымсыз жүргүзүлүп турат.<br>• Мектептин аянтчасында иче турган суу чыгып турат. Дааратканa бар.<br>• Мектептин ичи толугу менен жарыктандырылган, санитардык  гигиеналык   ченемге жооп берет.<br>• Мектепте техникалык жана өрт коопсуздугу сакталып, бардык талаптар аткарылат. Мугалимдер, кенже кызматкелер жана окуучулар үчүн техникалык коопсуздук эрежелери эмгекти коргообоюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп кол койдурулган, техникалык жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж дептери жүргүзүлуп турат.<br>• 20 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.7 | Ички жана тышкы баалоонун системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен жыл сайын мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы өткөрүлөт, ошондой эле ЖРТ нүн, УТБ нун, Секомдун, Нова борборлорунун сынактары өткөрүлүп турат. | |

**Олимпиада боюнча:**

| | Шаардык | Областтык | Республикалык |
|---|---|---|---|
| 2017-2018-окуу жылы: | 10 | 1 | - |
| 2018-2019-окуу жылы: | 17 | 2 *грамота* | - |
| 2019-2020-окуу жылы: | 10 | 1 *грамота* | - |
| 2020-2021-окуу жылы: | 5 | 1*грамота* | - |
| 2021-2022-окуу жылы: | 5 | - | - |

**Бүтүрүүчүлөрдү жалпы республикалык тестирлөөнүн натыйжалары**

| Акыркы беш окуу жылындагы маалыматтар | 2016-2017-окуу жылы | 2017-2018-окуу жылы | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| ЖРТга катышкан окуучулардын сан | 31 | 36 | 32 | 35 | 30 |
| ЖРТ боюнча баллдарынын орточо белгиси | 103 | 110 | 122,6 | 106 | 110 |
| 110 баллдан ашык алган ЖРТга катышкандардын саны | 12 | 22 | 22 | 13 | 11 |

**Класстардын жылдар боюнча билим сапаты (%)**

| Окуу жылы | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Клас стар | Билим сапат % | Билим сапат % | Билим сапат % | Билим сапат % | Билим сапат % 2-чейрек |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | боюнча | |
| | | 1-4 | 66 | 59,2 | 64,6 | 62 | 63,6 |
| | | 5-9 | 46 | 48,1 | 51 | 50 | 49 |
| | | 10-11 | 42 | 51,1 | 48 | 45 | 47 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8 | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол жоболордун болушу. | Окуучулардын,ата-энелердин арыздарын жана даттанууларды карап чыгып жана иш алып баруу үчүн “Ишеним кутучасы”, ишеним телефондору иштейт. Түшкөн маалыматтарга,арыздарга анализ жүргүзүү үчүн атайын топ түзүлгөн.Бул топко директор, директордун тарбия иши боюнча орун басарынан турган атайын топ кирет. Суроолор менен кайрылган ата-энелер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп класс жетекчиси,директордун орун басарлары тарабынан көйгөйүн туура чечүү үчүн иш алып барылат.Ал эми сырттан келген адамдар үчүн атайын журнал ачылган. Ар бир адам мектептин иш алып баруусу жана билим-тарбия иштери боюнча өз ойлорун жазып кетет. Ошондой эле тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын ИДН менен биргеликте түзүлгөн каттоо журналы түзүлгөн. Кызыкдар тараптардын кайрылууларына кайтарым байланыш жасоонун жол-жоболору иштелип чыккан жана ишке киргизилген. | |
| | **Күчтүү жактар:** | • Окуучулардын билиминин системалуу бааланышы, заманбап шарттардын түзүлүшү;<br>• Окуучулардын олимпиада,ар кандай иш чараларга,сынактарга,спорттук иш чараларга катышып көрсөткүчтөргө ээ болуусу;<br>• Окуучулардын билимин баалоонун ачык айкын маалымат берилиши;<br>• Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду талапка ылайык колдонуусу;<br>• Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын билим алуусуна шарттардын түзүлүшү;<br>• Ата-энелердин мектеп менен байланышынын күчөшү<br>Жылдан-жылга ЖРТнын орточо көрсөткүчүнүн жогорулоосу. | |
| | **Алсыз жактар:** | Заманбап технологиялардын санын көбөйтүү; | |

| Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келиши | Мектепте 44 мугалим эмгектенет, анын ичинен 1 эркек мугалим.Билими боюнча:<br>• Жогорку билимдүүсү-39 мугалим<br>• Атайын орто адис-5 мугалим<br>• Эмгек сиңирген мугалим 1(Лукина В.А.)<br>• Билим берүүнүн мыктысы-14 мугалим<br>Педагогикалык стажы боюнча:<br>1-5 жыл – 9 мугалим;<br>5-10-жыл –8 мугалим;<br>10-15-жыл – 4 мугалим;<br>15 жылдан жогору – 23 мугалим , пенсия жашында-10 мугалим<br>Билим берүүнүн жаңы программасын ишке ашыруу боюнча мугалимдер 72сааттык даярдоо курсунан өтүштү:<br>2018- жылы: 8 мугалим; 26%<br>2019- жылы: 13 мугалим; 34%<br>2020- жылы: 7 мугалим; 26%<br>2021- жылы: 6 мугалим; 26%<br>2022-жылы: 19мугалим; 44%<br>Жалпы: 53 мугалим курстан өтүштү.<br>Мугалимдер календарлык жана күндөлүк планды түзүүдө мамлекеттик стандарттын талабына жооп берүү менен түзүшөт. Компетенттүү окутуу боюнча бүтүрүүчүлөрдү алган билимин жашоодо колдонууга үйрөтүү, ар кандай маселелерди туура чечүүгө даяр болуусуна калыптандыруу.<br><br>23 | 1.Мектеп директорунун буйруктары;<br>2.Сапаттык курам;<br>3.Жумалык жүктөмдөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынынөз ара мамилелерин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдердикабыл алууну камсыздоочу механизмдин жан жол-жоболордун болушу. | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата-энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Ата-энелерден анкета түрүндө алынып,физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы,кабинеттердин жылуулугу,желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, эмеректердин коопсуздугу боюнча суроо-жооп аркылуу аныктап алып, мектептин өнүгүү планына киргизилген.<br>Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн кутуча ичиндеги көйгөйлөр ата-эне,окуучу менен бирдикте маек жүргүзүү менен чечилет.ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.Социалдык психологиялык байкоо соцпедагог тарабынан жүргүзүлүп турат.<br>Өрт коопсуздугу боюнча мектепте талапка ылайык щит орнотулган.Анда керектелүүчү шаймандар толугу менен камсыздалган.План эвакуация талапка ылайык жаңыртылган. | Ата-эне,мугалим, окуучулардын анкетасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3. | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү,алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Мектепте педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү,алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу жылынын башында перспективдүү план кабыл алынат.Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып,отчет берилип турат.<br>Мектепте 44 мугалим эмгектенет.<br>89 % жогорку билимдүү.<br>Ар бир окуу жылынын башталышында ШБББга мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет.<br>Билим берүүнүн жаңы программасын ишке ашыруу боюнча мугалимдер 72сааттык даярдоо курсунан (оффлайн,онлайн)өтүштү:<br>2018- жылы: 8 мугалим; 26%<br>2019- жылы: 13 мугалим; 34%<br>2020- жылы: 7 мугалим; 26%<br>2021- жылы: 6 мугалим; 26%<br>2022-жылы: 19мугалим; 44% | |
| | **Күчтүү жактары:** | • Материалдык базаны чыңдоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу;<br>• Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү. | |
| | **Алсыз жактары:** | • Мектептин айланасында бекемделген короосунун болушу | |
| | | МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ | |
| 4.1 | Билим берү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окиуу мараттарын ын жана материалдык ресурстардын(жабдылган | Жыл сайын мектептин эмеректеринин сакталышы боюнча чарба башчысыЭ.Момунова тарабынан инвентаризация жүргүзүлүп турат жана күнүмдүк керектелүүчү заттар (бор, лампочка,тряпка ж.б.) менен камсыз кылынат. Мектепте 40 окуу канаасы, 1 усулкаана, 1мугалимдер үчүн эс алуу канаасы, 4 администрация канаасы, 1 китепкана, 2 китепкананын архиви,<br>1 архиви, 1 актовый зал, 1музей залы, 1 орус тил борбору,спорт | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт залдын болушу) | залы барБиология, физика, химия предметтери боюнча лаборатория каналары жана компьютер канасы бар . Мектептин имараты санитардык нормаларга жана өрт коопсуздугунун талабына жооп берет.Мектептин окуу кабинеттери санитардык нормага ылайык жана кабинеттин башчысы тарабынан кабинеттин паспорту бекитилип илинген | |
| | | Мектептин биринчи кабатында ашкана бар, аянты 170м$^2$, 3,5 метрлик столдон 4 катар, 127 стул бар. Бардык талаптарга жана шарттарга толук жооп берет. Ашканада башталгыч класстын окуучулары (1-4-кл.) тамактанат,күнүнө ысык тамак берилет. Ашканада кол жууй турган 5 ракавина, идиш жууй турган шарттар бар. Санитардык-гигиеналык талапка жооп берет, керектүү инвентарлар бар (электр тогу. плита, духовка, муздаткыч, идиш-аяктар, стеллаждар ж.б.). мектептин ашканасын эки ашпозчу жана жардамчысы тейлешет. Мектепте мед.пункт жок, медициналык тейлөө ҮДТнун кызматкерлери аркылуу жүргүзүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун талаптарын сактоо (экологиялык,сан.эпидемиологиялык гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана техникасынын эрежелери) | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталган жана тиешелүү органдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн.Алсак, окуу жылынын башында мектеп,ашкана СЭС тарабынан санитардык кароодон өтөт.Гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча:окуу жылынын башында мугалимдер,техперсоналдар,ашкана кызматкерлери медициналык кароодон өтүп,медициналык китепчеси талапка ылайык толтурулгандан соң гана кызматка кирише алышат.Ар бир этажда өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары,коопсуздук бурчтары уюштурулган.Мектепте өрткө каршы керектүү жабдуулар жана өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган. Окуу кааналардын абалы жакшы,күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат.Жылына бир жолу ремонттолуп,сырдалат. Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу каанасында антисептик,маска,салфетка,иштетилген маска салуучу урна, кагаздарды салуучу урна таза суу челеги,бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер бар.<br>Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында бардык билим берүү процессинин катышуучуларына (мугалим,окуучу,тех.кызматкерлерге)техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат.Эмгекти коргоо багытында ар бир кызматкер менен келишим түзүлүп, укук,мидеттери көрсөтүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | №7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби 1982-жылы ишке берилген.Типтүү, 3 кабаттан турат.<br>Санитардык электротехникалык көрсөткүчтөр:<br>Спорт залдын жылытуу системасы: көмүр менен<br>Суу-Канализация ,Телефон,интернет бар видео көзөмөл орнотулган.<br>Өрткө каршы сигнализация –коюлган.Ар бир кабатта эвакуациялык план илинген окуучулар мугалимдер тааныштырылган.Коопсуздук эрежелер боюнча ар бир предметтик мугалимдин,класс жетекчинин, мектеп боюнча журналы бар окуучулар эрежелер менен тааныштырылып колдору коюлат,класстык сааттар өткөрүлүп турат.Мектепте өрт коопсуздугу боюнча буйрук чыгарылып милдеттер бөлүштүрүлгөн,тааныштырылып колдору коюлган, жоопкерчиликтүү адамдардын “Ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр” тобу түзүлгөн.Мектепке суу киргизилген, коридордо балдардын колдорун жууганга 5 раковина, ашканада 1 раковина коюлган, окуучулардын санына эсептелген.Мектепте ар бир жума сайын тазаланып, коридорлор кенже кызматкерлер тарабынан тазаланат. Ар бир класс кабинети, коридор жашылдандырылган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3 | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Сабактарда жана сабакка даярданууда мугалимдер маалыматтык технологияларды (компьютер, интернет) колдоно алышат.<br>Билим берүү уюмунун жалпы окутуучулар санынан маалымат-коммуникациялар технологиясын пайдаланган мугалимдердин пайызы: 75%.<br>Мектепте 2 акылдуу доска, 3 проектор, 10 компьютер, 4 принтер, 1түстүү принтер жана интернет бар. Мугалимдер интернеттен алган маалыматтарды сабактарында колдонот. Окуучуларга кошумча маалыматтарды интернеттен алууга түрткү берет.Телевизор приставкалар кенири колдонулат. Мектепте бардык мугалимдер компьютер менен иштегенди билет. Мугалимдер предметтик олимпиадага окуучуларды даярдоодо акылдуу досканын жардамы менен тесттик тапшырмаларды берет, онлайн түрүндө иштешет. | |
| | **Күчтүү жактары:** | • Материалдык базаны чыңдоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу;<br>• Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү.<br>• | |
| | **Алсыз жактары:** | • Мектептин айланасында бекемделген короосунун болушу | |

Корутунду

№7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин иш кагаздары талапка ылайык жүргүзүлөт. 34 класстык журнал, алфавит китеби, буйрук китептер, окуучунун жана мугалимдердин жеке иш-кагаздары,пед.кеңешмелердин папкалары,отчет-анализдер жана башка окутуу-тарбиялоо процессиндеги иш кагаздардын жүргүзүлүшү менен иш алынып барылат. Мугалимдер жамааты Мамлекеттик стандартка ылайык билим берип, канааттандырарлык деңгээлде материалдык техникалык базаны чыңдоого аракеттенет.Мектепте маалымат технологиялары бар: интерактивдүү доскалар,проектор,принтерлер бар,бирок жетишсиз.Китепканага интернет желеси киргизилип,компьютерлерге туташтырылган. Окуучулардын келип-кетүү кыймылы боюнча убагында алфавит китебине өзгөртүү киргизилип,класстык журналдар,окуучулардын өздүк делолору текшерилип турат.Чейрек сайын окуучулардын билим сапаты , жетишүүсү тууралуу ШБББга маалымат берилип ,мектепте мониторинг жүргүзүлүп,анализденет.Бул анализдин негизинде жаңы окуу жылына карата план иштелип чыгат. Мугалимдер жамааты ынтымактуу.Жаш мугалимдерге насаатчылар,мектеп администрациясы жана усулдук бирикмежетекчилери тарабынан тиешелүү деңгээлде жардам көрсөтүлөт..Окуучунун саны компьютердин санына туура келбегендиктен жаңы компьютер менен камсыз кылуу талап кылынат. Мектепте физика, химия сабактары боюнча методикалык колдонмолор,лабораториялык куралдар ,химиялык заттары жетишсиз. Билим берүүнүн жаңы Мамлекеттик стандарты боюнча мугалимдердин календардык пландары,күнүмдүк пландары иштелип чыккан жана көзөмөлдө болуп турат. Окуучуларды ЖРТга даярдоону жакшыртуунун үстүндө иш алып барылат.Мугалимдер заман талабына ылайык заманбап технологияларды колдонуу менен билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иштейт жана иш тажрыйбаларын жайылтып,алдыңкы мугалимдер сабактардын иштелмелерин газеталарга макала жарыялап турушат. Мектеп китепканаасынын фонду жыл сайын толукталып,заманбап компьютер менен камсыздалган. Мектепте окуу-тарбия иштери туура жолго салынып,ата-эне менен тыгыз иш алып барылат.Окуучулар арасында ар кандай класстан тышкаркы иштер,маданий иш-чаралар уюштурулуп турат.

1-4-класстардын класс жетекчилери ата-энелери менен биргеликте “Келгиле окуйбуз”, “Окуу керемет”, “Мектеп фестивалы”,5-11-класстарда “Интелектуалдык таймаш”, “Билим ордо”,КВН,тегерек столдорду планга ылайык өткөрүп турушат. Мектепте спорт жагынан ар кандай ийримдер иш алып барышат.Волейбол, баскетбол, ордо, шахмат боюнча көптөгөн ийгиликтерге жетишкен. “Мектеп лигасы” командасы системалуу оюнга машыгып турушат.

Мектептин күчтүү жагы болуп алдына койгон максатынын,миссиясынын тактыгы,чыгармачыл изденүү менен эмгектенген көп жылдык эмгек стажысы бар мугалимдердин басымдуулугу эсептелинет.Окуучулар жана мугалимдер үчүн ашкана тарапта , кол жуучу раковиналар, аристондор орнотулган.Тышкы ажааткаалар иштейт.

Эксперттик курам мектептин ишмердүүлүгүндө көрсөтүлгөн документтерге жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгына анализ жүргүздү.Текшерүү убагында төмөнкү аспектилер каралды:

- Мектептин ишмердүүлүк жүргүзүүчү баштапкы документтердин бар болушу (Устав,күбөлүк,сертификат ж.б.);
- Мектеп документациясынын талапка ылайык жүргүзүлүшү (класстык,ийримдин,инклюзивдик окутуу журналдары,алфавиттик китеп,окуучулардын өздүк делолору,мектептин жылдык планы ,буйруктар,мамлекеттик үлгүдөгү документтерди каттоо китеби,педагогикалык кеңеш-токтомдору,педагогикалык кадрлардын өздүк делолору жана эмгек китепчелери);
- Билим берүүнүн сапаттык ички көзөмөлдөөнүн материалдар жана мониторингдер,олимпиадалык топ менен иштөө;
- Окуу-процессинин камсыздалышы (маалыматтык технологиялар,лабораториялар,окуу куралдары,окуу китептери);
- Материалдык базанын болушу (класстар,инвентарлар,ашкана,спорт залдар,спорт аянтчалары,китепкана);
- Структуралык бөлүктөрдүн иши (китепканачы,архив,ашкананын иш абалы);
- Тарбиялык иштердин абалы(тарбиялык журнал,соцкарта,сурамжылоо анкеталар болушу);
- Окуу-тарбия процессине катышуучулардын мектептин ишмердүүлүгүнө берген баасы;

№7 Кожобек Кузембаев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби талапка ылайык бардык нормативдик-укуктук документтерге ээ:

1. Билим берүү мекемесинин Уставы;
2. Юридикалык тарап катары күбөлүк;
3. Программа боюнча аккредитациядан өткөндүгү тууралуу сертификат. 2020-жылы 2-майда берилген,каттоо номери 2020/0026.

Сунуштар:

- Методикалык дидактикалык материалдар менен класс кабинеттерин,лабораториялык куралдар, кол эмгек жана дене тарбия сабактарына тиешелүү каражаттар менен жабдуу;
- Бүтүрүүчүлөр менен байланышты арттыруу,алардын мектептен ары окуусун улантуусуна жана ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү;
- Демөөрчүлөрдү тартуу.

Комиссиянын төрайымы: Токтосунова Сабирбүбү Маметовна-мектеп директору ___________________

Комиссиянын мүчөлөрү:

1. Сооромбаева Нургуль Мусакуловна - окуу бөлүм башчысы ___________________
2. Чонорова Бааргул Акимбаевна - тарбия иштери боюнча директордун орун басары___________________
3. Жусупбекова Сабиркан – башталгыч класстын мугалими ___________________
4. Шабданова Нургул Жакшыбековна-кыргыз тили жана адабият УБнин жетекчиси___________________
5. Уркунова Зульфия Эркиновна-география мугалими___________________
6. Сапаралиева Чолпон – ата-энелер ком.төр. ___________________